# КУТБИЛИМ САБАК

усулдук басылма • newsletter • методическое издание

Август, 2016-жыл


## Ооган согушунун ардагери



МАТКЕРИМОВ Абдибакы,

Сузак районуна караштуу №7 Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинин тарых мугалими,

Ооган согушунун ардагери

7-бет


АЛТЫБАЕВ Шаршенбек,

Нарын шаары, Эл агартуунун отличниги, ардагер мугалим


## Мугалим жөнүндө бир үзүм ойлор

• Бардык кесип ардактуу бирок, мугалимдик кесип ыйык. Аны эч бир кесип менен салыштырууга болбойт. Себеби бардык кесиптердин ээлери дээрлик дал ошол мугалимдик асыл кесиптин гүлбагын аралап өтүп, андан кийин гана турмуштун өзү тандаган жолуна түшөт.

• Мугалимин сыйлабаган окуучу ата-энесин сыйлабаган маңкурттай эле нерсе. Бирок мугалимдер да ошол сыйга татыктуу кесипкөй болууга милдеттүү.

• «Билим-тарбиянын уясы - мектеп», - деп эле баланы жалгыз мектепке түртө салбай, ал жерде ата-эне, чөйрө, коом жапа тырмак киришпесе, жалгыз мугалимдин аракети жетишсиз болуп, суу кечпей калат. Жыйынтыгында билимсиз жана тарбиясыз муун келип чыгат. Бул жашообуздун трагедиясы.

• Агай болуу аста-аста, акмак болуу бир паста. Эжеке болуу аста-аста, келеке болуу бир паста.

• Чыныгы педагог аз, дипломдуу мугалимдер жайнап жүрөт. Билим жана тарбия берүүдөгү негизги трагедия дал ушул жайнап жүргөн дипломдуулардын кесепетинен.

• Мугалим тарабынан өтүлгөн эң жакшы бир саат сабак да окуучунун келечектеги бактысы үчүн берилген баа жеткис сый-белек.